«ЭЛ АДАБИЯТЫ»
сериясы

# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР

31

www.bizdin.kg

NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES
OF KYRGHYZ REPUBLIC

INSTITUTE OF LANGUAGE AND LITERATURE
N. A. CH. AITMATOV

PUBLISHING HOUSE «BIYIKTIK»

# FOLK POEMS:
## Aksatkyn and Kulmyrza, Ak Maktym, Karagul Botom, Jalayir jalgyz, Ak Bermet, Kachkan kyz, Kozy Korposh-Bayan suluu, Kyz Jibek, Bozjigit.

THE 31-TH VOLUME OF
«EL ADABIATY» (PEOPLE'S LITERATURE) SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактор
КЫДЫРБАЕВА Р. З.
КЕБЕКОВА Б. К.
ЖАЙНАКОВА А.
ОРОЗОВА Г.
СООРОНОВ О.
МУКАСОВ М.

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«БИЙИКТИК» БАСМАСЫ

# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР:
# Аксаткын менен Кулмырза, Ак Мактым, Карагул ботом, Жалайыр жалгыз, Ак Бермет, Качкан кыз, Козу Көрпөш-Баян сулуу, Кыз Жибек, Бозжигит

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫНЫН
31-ТОМУ

Академик А.А. Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Тексттерди басмага даярдап, баш сөзүн жазган
филология илимдеринин кандидаты *ГҮЛБАРА ОРОЗОВА*

www.bizdin.kg

«Бийиктик» басмасы
Бишкек - 2012

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-5
Э 45

Э 45

**Элдик поэмалар.** /А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. Түз. жана баш сөзүн жазган Г. Орозова. Б.: Бийиктик, 2012. - 380 б. («Эл адабияты»).

ISBN 978-9967-13-898-8

«Эл адабияты» сериясынын 31 томуна кыргыздын «Аксаткын менен Кулмырза», «Ак Мактым», «Карагул ботом», «Жалайыр жалгыз» деген нукура элдик поэмаларынын бир канча варианттары жана Ак Бермет менен Качкан кыз жөнүндөгү тарыхый ырлар кирди. Мындан сырткары казак элинин «Козу Көрпөш, Баян сулуу», «Кыз Жибек» поэмаларынын кыргыздарда айтылган версияларынан бирден үлгү жана чыгыш поэзиясынан келген «Бозжигит» поэмасы орун алды.

Китеп фольклористтерге, филолог студенттерге, жана жалпы окурмандарга арналат.

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.*

Редактору: ***Б. Кебекова***
Рецензент: ***С. Байгазиев***

**Э4702300200-12**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Кн 7-5**

ISBN 978-9967-13-898-8

© Ч. Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту
© Орозова Г. Ж., 2012

# АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМЫРЗА

## «АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМЫРЗА» – МАХАБАТ ТРАГЕДИЯСЫ

Кыргыз элдик фольклорунда поэма жанры кеңири өнүккөн. Алардын баатырдык, социалдык-турмуштук, лирикалык (любовно-лирические) деген түрлөрү бар экени маалым.

«Аксаткын менен Кулмырза» кыргыз элине өтө кеңири тараган. Поэманын көптөгөн варианты, нускалары, үзүндүлөрү, аңыз-аңгеме түрүндөгү маалыматтар[1] бар. Булардын көбү Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Мындан сырткары фольклор изилдөөчүлөр, окумуштуулар тарабынан эл арасынан жыйналган айрым варианттар мезгилдүү басма сөз беттерине, жыйнактарга жарык көргөн[2]. Бул поэма эл арасында: «Мырза уул», «Кубаттын уулу Кулмырза», «Кулмырза менен Аксаткын», «Шамамат менен Аксаткын» ж. б. аттар менен тараган жана Кулмырза менен Аксаткын тарыхта болгон адамдар катары сүрөттөлүп, турмуш чындыгын баяндаган реалдуу окуя катары айтылат. Алай тарапта болгон деген уламыштар да кезигет. Негизинен түштүк тарапта кеңири жайылган. Дегеле, кыргыздар жашаган бардык аймактарда бар.

Бул поэманы алгач белгилүү тюрколог В. В. Радлов жазып алып өзүнүн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрүндө[3]» жарыялаган. Ал кыскача кара сөздөн, 26 сап ырдан турат. Тексттин диалектилик өзгөчөлүгүнө Караганда муну В. В. Радлов түндүк кыргыздарынан жазып алган. Поэма Памирлик, Каратегиндик, Ленинабаддык (Тажикстан) кыргыздарда да айтыла турганы мааалым[4]. Поэманын таралуу географиясына карап бул чыгарма элдин жүрөгүнөн түнөк тапканын байкоого болот. Колдо бар, бизге белгилүү варианттардын, нускалардын бардыгы эле бирдей деп айтууга болбойт. Кара сөз аралашып жана жалаң ыр менен айтылганы бар. Айрымдары кыска: Аксаткын менен Кулмырзанын ортосундагы ынак сезим, экөөнүн өлүмү баяндалат. Кээде Кубат бийге кун төлөнүп, Аксаткын Кулмырзанын инисине баш кошушу менен аяктайт. Кургак баяндоо, поэтикасы начар варианттык деңгээлге көтөрүлбөй калган үлгүлөрү деле бар.

Ал эми Анаркүл Тажибаеванын, Барпы Алыкуловдун, Чал Сыдыковдун, Мамажан Зулпиевдин, М. Саитовдун, Л. Сафаралиевдин (акыркы экөө жергеталдык айтуучулар), Памирлик, Каратегиндик кыргыздардын варианттарынын көркөмдүгү жогору. Поэмада окуянын башталышы, өнүгүшү, аягы трагедиялуу бүтүшү менен мазмун толук баяндалган. Эки жаштын ортосундагы махабат өтө курч, ошол эле учурда лирикалуу да, трагедиялуу да берилип, чыгарманын көркөм эстетикасы окурманды кайдыгер калтырбайт. Сөз арасында маалымат «Аксаткын менен Кулмырза» поэмасына Тоголок

---

[1] Инв. №644, 731, 554, 630, 722, 377, 689, 611, 169, 645, 632, 672, 650, 380, 178, 198, 246, 576 ж. б.

[2] *Ж. Мукамбетов.* Эл ичи – өнөр кенчи. Ф., 1982-ж., 57-71-беттер; Кул Мурза. Памирлик кыргыздардан жазып алган тюрколог-окумуштуу Реми Дор. Ала-Тоо, 1991-ж., №3 128-19-бб. Аксаткын менен Кулмырза. Сузактын Барпы айлында жашаган Ынак Ысман уулунун варианты. Жазып алгандар Ж. Шериев, А. Жусупбеков. Кыргызстан маданияты 1987-ж. 24-сентябрь №39. Элдик поэмалар. Кулмырза менен Аксаткын. // Түзгөн С. Закиров. Ф., 1973-ж. 23-бет. Жергеталдык кыргыздардын элдик оозеки чыгармалары (эки варианты берилген). Түзгөн А. Токомбаева. Ф., 1987-ж., 214-219-беттер. ж. б.

[3] Образцы народной литературы северных тюркских племен Собраны В. В. Радловым. Часть 5. Наречие дикокаменных киргизов. Санк-Петербург, 1885.

[4] *Иманалиев К., Мукамбаев Ж.* Памирлик-каратегиндик кыргыздарда. Ф., Кыргызстан, 1966, 133-138-беттер.

Молдо, А. Осмонов сыяктуу акындар да кызыгып өз варианттарын жазган.

«Аксаткын менен Кулмырза» махабат трагедиясы жөнүндө баяндалган, социалдык теңсиздикти айыптаган поэтикалык чыгарма. Поэмада элдик салтты бетке карманып (кудалашып койгондуктан) алып, караңгылыктын айынан баш кошо албай калган эки жаштын сүйүү сезими, кейиштүү тагдыры берилет. Көлөм жагынан чакан, арман, кошок формасында айтылат. Түрк тилдүү элдердин фольклорунда ушундай мазмундагы чыныгы сүйүүнү даңазалаган, трагедиялык мүнөздөгү чыгармалар арбын. Мисалга «Олжобай менен Кишимжан», казактарда «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу», өзбектерде «Тахир, Зухра», түркмөндөрдө «Саят, Хемра», дагестандарда «Казикумлактык жигит жана азайланттык кыз» деген чыгармаларды алсак болот. Аталган поэмалардын идеялык багыты - социалдык теңсиздикке, коомдогу түшүнбөстүккө, адамдардын кара өзгөйлүгүнө каршы протест. Каармандар өз жандарын кыюу аркылуу калыптанып калган адилетсиз терс көрүнүштөр менен күрөшүүгө үндөйт. Алардын армандуу, трагедиялуу тагдыры башкаларга сабак болуп, аң-сезимдин өсүшүнө, коомдун өзгөрүшүнө түрткү болгон.

«Аксаткын менен Кулмырза» поэмасынын бизге белгилүү нускаларынын бардыгынын негизги мазмундук өзөгү, ал гана эмес айрым ыр саптары да окшош. Бардыгында окуя Аксаткындын сөзү, арман-кошогу аркылуу баяндалат. Айрым бир гана айырмачылыктарга ээ. Маселен, Аксаткын Кулмырзанын кээде жеңеси[1], кээ бир варианттарда таэжеси[2] деп айтылат. Б. Алыкуловдун вариантында башкаларда кездешпей турган дагы бир айырмачылык - Кулмырзанын аялы бар делет:

Алганың үйдө билбесин, досум,
Алоолоп ичи күйбөсүн, досум.
Көргөнүң үйдө билбесин, досум,
Көкүрөктөн күйбөсүн, досум,
Кыз алганың укпасын, досум,
Кызыгып ээрчип чыкпасын, досум.
Кыз алганың бар туруп, досум
Кызыгышып ойнодуң, досум,
Кыйналганың койбодуң, досум
Өз алган жарың бар туруп, досум
Өзөлөнүп ойнодуң, досум
Өрттөнгөнүң койбодуң, досум[3].

Поэманын варианттарында көрүнүп тургандай бирде Аксаткындын кудалашкан жери бар деп айтылса, элдик поэзиянын алпы Барпы акын жигитти үй-бүлөлүү деп айтат. Эгер мындай тоскоолдук болбосо, эки жаш бири-бирин жакшы көрсө, ошондой эле экөө бардык жагынан төп келишип турса, анда жөн эле үйлөнө бермек. Мындай таасирдүү поэма да жаралмак эмес. Чыгармачылыктын күчү - адамзат турмушунда жолуга турган реалдуу проблемаларды көтөрүп чыгышында. Оң менен терстин кагылышын, жаман менен жакшынын күрөшүн көрсөтүшүндө. Адамдын жан дүйнөсүнө таасир этүү аркылуу аң сезимдин ойгонушуна түрткү болушунда. Айтуучулар аудиторияга (угуучуларга) таасир этүүчү табылгалары менен көркөм чыгарманы өлбөс-өчпөс кылып жаратышат.

Поэманын сюжет куруучу негизги мотиви - эки жаштын ортосундагы сүйүү, махабат баяны. Аксаткын менен Кулмырза адеп бири-бирин көргөндөн баштап ыйык

[1] Инв. №169 №3 дептер. А. Тажибаеванын варианты; Л. Сафаралиевдин варианты. Китепте: Жергеталдык кыргыздардын эл оозеки чыгармалары. Ф., 1987.

[2] Инв. 198. Б. Алыкуловдун варианты; Инв. №380 – Сыдыков Чалдын варианты; Саитов Матайдын варианты. Китепте: Жергеталдык кыргыздардын эл оозеки чыгармалары. Ф., 1987.

[3] Инв. №198.

сезим жаралып:

Ак чөлмөк ойноп, түнүндө келдиң,
Атам жок болсо күнүндө келдиң.
Селкинчек оюн жакшы экен, досум,
Сейилдеп жүрсөң бакты экен, досум.
Ак чөлмөк оюн жакшы экен, досум
Алышып жүрсөң бакты экен, досум -

деп жаштыктын кумарлуу күндөрүн өткөрүп, «сууга барып кеңешип, султан бойду теңешип», «жылгага барып кеңешип, жылдыздуу бойду теңешип» биринен бири ажырай албай калгандай болот. Бирок Аксаткындын башында армандуу түйшүгү бар.

Алыска кеткен дайным бар, досум,
Аркадан болгон кайным бар, досум.
Мал жандуу атам мал алып койгон,
Куржуну толо зар алып койгонун

айтып, «Саткындын алдын торобо, сабылып мага жолобо, ашыглык ишин билбейин, азабың тартып жүрбөйүн» деп өз сүйүүсүнөн баш тартууга аракет кылат. Бирок, Кулмырза «тозокко сен деп барамын, тобумдан сени аламын, ажал да болсо тосомун, акыры башты кошомун» деп катуу турат.

Кийин ошол ынак сүйүүнүн азабын тартып, жигиттин жазыксыз башы өлүмгө дуушар болот: Кулмырза Аксаткынга келип, өргөөдө түнөп калат. Муну билип калган кыздын агалары (кээде атасы жөнөткөн адамдар) Мырзаулду өлтүрүп, көң дөбөгө көөмп коюшат. Уулун издеп жүргөн Кубат бийге Аксаткын кошок аркылуу каймана кабар берет. Ошол замандын салты боюнча эр өлтүргөн тарап кун төлөш керек. Кулмырзанын кунун Аксаткын бычат.

Кунуңду пычып берейин, досум,
Айыбың алтымыш, кунуң жүз, досум,
Аягың чоро, башың кыз досум,
Кыз ордуна өзүбүз досум,
Болбосун жалган сөзүбүз, досум.
Кулмырза өлсө куп болот досум,
Аксаткын өлсө жуп болот, досум[1]

деп өзүн өзү өлтүрөт.

Токтосун Байбураев менен (Нарын обл., Тянь-Шань району, Эмгекчил орто мектебинин мугалими. Инв. № 611) фольклор жыйноочу Жанжигит Казакбаев тарабынан 1974-жылы Дүйшөнбиев Мырзалыдан (Сокулук району, Шалта айылы Инв. № 645) жазылып алынган нускаларда Аксаткынды Кулмырзанын инисине алып беришет. Мындай айырмачылык түндүк кыргыздардан айтылган варианттарда гана кезигет. Түштүк варианттардын дээрлик бардыгында окуя Аксаткындын өлүмү менен аяктайт.

Поэма баштан аяк элдик лириканын нугунда айтылып, көркөм сөз каражаттары жыш колдонулат. Мисалы, поэмада Кулмырзанын сырт келбети, сылык сыпаа мүнөзү «кара манат бөркү өзүнө жарашкан», «бек уулундай көркү бар», «султан бою таранган», «Жигиттин сылыгы», «жигиттин гүлү», «арыстан», «өткүр» деп мүнөздөлөт.

---

[1] Инв. 198 Б. Алыкуловдун варианты.

Чыныгы сүйүү туурасындагы бул баян феодалдык коомдун мезгилинде, уруулук түзүлүштү, элдик салтты курал катары, мыйзам катары пайдаланган («Эл укса эмне дейт», «бирөө көрсө эмне дейт», деп элдин, коомдун пикири менен эсептешип, жеке адамдын тагдыры эске алынбаган заманда) оор шартта жаралып, ошол мезгилдеги акыйкатсыз көрүнүштөрдүн бир үзүмү сыяктуу элдин эсинде калган. Аксаткын менен Кулмырзанын махабаты Мажнун менен Лейладай кыргыз арасында легендага, дастанга айланган.

«Аксаткын менен Кулмырза» поэмасынын ыр түзүлүшүндөгү бир айырмачылык - ар бир саптын «досум» (айрым варианттарда жигит) деген сөз менен аякташы. Бул ырга лирикалуу, жагымдуу ыргак берип турат. Ошол эле учурда көөдөнгө баткыс кайгынын, армандын күүсү чертилет.

Жыйнакка поэманын бардык нускаларын салыштырып карап, мурда жарыкка чыккандарын эске алып, окурмандар, изилдөөчүлөр үчүн кызыктуу, керектүү жагын көздөп төмөнкү варианттарды жарыялоону туура таптык. Алгач жазылып алынган варианттардын бири катары кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларын жыйноого, системалаштырууга зор эмгек сиңирген фольклорист К. Мифтаков 1947-жылы 22-августта Ноокат районунун Кеңеш сельсоветинде Котур-Булак айлында жашаган таланттуу акын Анаркүл Тажибаевадан жана Чал Садыковдон жазылып алган варианттарды, көркөмдүгү жогору, сюжети толук варианттар деп эсептелген Барпы Алыкуловдун жана Сузактын Барпы селосунда жашаган Ынак Ысман уулунун варианттары, Кыргызстандан сыртта жашаган кыргыздарда айтылган варианттардын үлгүсү катары каратегиндик кыргыздардын вариантын киргиздик.

## КУЛМУРЗА МЕНЕН АКСАТКЫН

***(Барпы Алыкуловдун айтуусунда)***

Өкөбүз өкө[1] бололу, досум,
Өкөбүз атка конгону, досум,
Абал бир баар[2] жаз эле, досум,
Ат бору лала[3] саз эле, досум,
Жазыбыз жаңы болгондо, досум,
Жаңылап журтка конгондо, досум,
Сен Кулмурза мен Саткын, досум,
Мен үчүн күйүп сен таптың, досум,
Мен бой жеттим эле буралып, досум,
Сен жигит болдуң сыланып, досум,
Айылга келсен, ар качан, досум,
Мен жүрчүмүн сенден уялып, досум,
Байкасам атың чеччүсүң, досум,
Сүйлөшө албай кетчүсүң, досум,
Ырдаган доошуң укчумун, досум,
Ыргалып үйдөн чыкчумун, досум,
Айылдын үстү Акмойнок, досум,
Акмойноктон түшчүсүң, досум,
Айран куйсам иччүсүң, досум,
Кыраң бир менен түшчүсүң, досум,
Кымызды куйсам иччүсүң, досум,
Сыртымдан ашык сен жүрдүң, досум,
Сызылып күйүп мен жүрдүм, досум,
Алыстан ашык сен жүрдүң, досум.

Астейдил саңа мен күйдүм, досум,
Айылга келсең кетпейсиң, досум,
Ак Саткын деп эстейсиң, досум,
Айласы жоктон жетпейсиң, досум,
Короого келсең кетпейсиң, досум,
Көнүңдө Саткын эстейсиң, досум,
Көңүлүң менде, жетпейсиң, досум,
Бойуңду сындап тарайсың, досум,
Боордон тиктеп карайсың, досум,
Газдай[4] боюң тарайсың, досум,
Кашаттан тиктеп карайсың, досум,
Качан бир сөзгө жарайсың, досум,
Торгойлор сайрайт шаңданып, досум,
Тополоң тозуп камданып, досум,
Булбулдар сайрайт шаңданып, досум,
Бул жерде калба алданып, досум,
Атакем кетти журт чалып, досум,
Агайым кетти куш салып, досум,
Мен жасандым суйсалып, досум,
Көч баштаган энекем, досум,
Көч ортодо жеңекем, досум,
Көч артында мен болом, досум,
Алдыңкы төөм тартынчак, досум,
Арттагы төөм бакырчак, досум,
Ортосунда нар тайлак, досум,
Нар тайлак жүгү ооптур, досум,
Оңдоп койсоң сооптур, досум,
Оогон жүккө карабай, досум,
Ороңдоп алдан өтөсүң, досум,
Жыгылган жүккө карабай досум,
Жылмаңдап алдан өтөсүң, досум,
Жүгүм бир жаман ооптур, досум,
Оңдошуп койсоң сооптур, досум,
Кечеси эмес күндүздүр, досум,
Тайежең Саткын бир кыздыр, досум,
Арканды алып тартып бер, досум,
Акыйкат сырың айтып бер, досум,
Ата-энем көрбөйт кайтып кел досум,
Кайрылбай кете бербе сен, досум,
Кадырды билген Саткын мен досум,
Артышып бердиң жүгүмдү, досум,
Көңүлүң мага тигилди, досум,
Төөмдү тартып мен кеттим досум,
Дөң айланып сен кеттиң, досум,
Кылчая тиктеп мен кеттим, досум,
Кыр айланып сен кеттиң, досум,
Кыз Саткынды эңсеттиң, досум,
Атанып, шашып сен кеттиң, досум,
Ак Саткынды эңсеттиң, досум,
Улуу-Чат конуш жерибиз, досум,
Үшкүрөт мендей теңиңиз, досум,

Таш-Булак конуш жерибиз, досум,
Дак[5] болгон биздей теңиңиз, досум,
Тааныштык берген элибиз, досум,
Тасмадан ичке белибиз, досум,
Тартынбай күндө келиңиз, досум,
Ак чатыр тиктик белестеп, досум,
Алыстан көрдүм элестеп, досум,
Керилип баскан энекем, досум,
Кереге жайган жеңекем, досум,
Айылдын көркү энекем, досум,
Ашкана туткан жеңекем, досум,
Жайылып биздей эл конгон, досум,
Дөбөгө жыйын - эл толгон, досум,
Жогортон келдиң жок сурап, досум,
Төмөнтөн келдиң төө сурап, досум,
Эшиктин алды дөбө эле, досум,
Дөбөдө жыйын көп эле, досум,
Атакем чыкты сөз сурап, досум,
Эшиктен үнүң угулат, досум,
Ичиме сырың чогулат, досум,
Атакем аттан түш деди, досум,
Түшкөндө суусун ич деди, досум,
Жан жанымды карасам, досум,
Жараган бала жок экен, досум,
Эки жатым карасам, досум,
Эргенчик[6] бала жок экен, досум,
Эргенчик бала мен болуп досум,
Элиме келген мейман деп, досум,
Атама келген изат[7] деп, досум,
Кыз дагы болсом кызмат деп, досум,
Буралып атты мен алдым, досум,
Астыртан тиктеп сен калдың, досум,
Каңтарып атың байларда, досум,
Кабыргам сыйра кармадың, досум,
Кайкалай берип токтодум, досум,
Кам[8] экенсиң деп койдум, досум,
Эңкейип эшик ачарда, досум,
Этимен чымчып кармадың, досум,
Эңиле түшүп токтодум, досум,
Эркелетип тек койдум, досум,
Эси жок жээн деп койдум, досум,
Сүдүрөп килем саларда, досум,
Сөөктөн чымчып кармадың, досум,
Сүйгөнүмдөн тек койдум, досум,
Жаштыгың ушул деп койдум, досум,
Төргө бир чыгып олтурдуң, досум,
Ойлонуп көңүл толтурдуң, досум,
Энекем койду сой деди, досум,
Жеңемди кымыз куй деди, досум,
Аксаткын кызды «сун» деди, досум,
Орустан келген он айак,[9] досум,

Нөрү бир кырган тал айак, досум,
Өзүбүздүн сар[10] айак, досум,
Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,
Кунан бир бээнин курч кымыз, досум,
Усталар пычып[11] уз тиккен, досум,
Чеберлеп пычып кыз тиккен, досум,
Четинде Саткын биз тиккен, досум,
Долоно саптуу ак пишкек[12], досум,
Толгоно берип мен пыштым[13],  досум,
Жеңекем куйду, мен сундум, досум,
Кымызды суна берерде, досум,
Бармагым баса кармадың, досум,
Майыша калып токтодум, досум,
Ичиме сырды топтодум, досум,
Бармагымдан кан чыкты, досум,
Көкүрөктөн жак чыкты, досум,
Шумдугуң шондо билгемин, досум,
Назарыма илгемин, досум,
Камчыңды алып сен турдуң, досум,
Калпагың алып мен турдум, досум,
Каңтарган атты мингиздим, досум,
Калпакты кагып кийгиздим, досум,
Саткынды анда күйгүздүң, досум,
Колуңду кактың сыйпанып, досум,
Жаныңда турдум ыргалып, досум,
Суйсалган чачым чырмалып, досум,
Жоонума батпай тизилип, досум,
Кара көзүм сүзүлүп, досум,
Атыңа минип турганда, досум,
Ач бөрүдөй торудуң, досум,
Кыз мени мына тоорудуң, досум,
Ичимде кыйла бикир санадым, досум,
Айылдан чыкбай айландың, досум,
Кире албай үйгө кыйналдым, досум,
Үйгө кирер-кирбес мен болдум, досум,
Кыр адыр аша берерде, досум,
Кылчая тиктеп карадың, досум,
Короодон чыга берерде, досум,
Койкоюп тиктеп карадың, досум,
Көбүнчө пикир санадым, досум,
Кең голот[14] түштүң жылгалап, досум,
Кундуздан бөркүң булгалап, досум,
Капталдан түштүң жылгалап, досум,
Кара бир бөркүң булгалап, досум,
Кең колот түшүп кеңештик, досум,
Султан бир бойду теңештик, досум,
Өзөн сай түшүп кеңештик, досум,
Өрдөктөй бир бойду теңештик, досум,
Дүйшөмбү күнү түнүндө, досум,
Жумабай тоюн берет деп, досум,
Жин урган оюн болот деп, досум,

Барбаган киши калбайт деп, досум,
Көңүлгө эчким албайт деп, досум,
Ышкысы[15] жоктор барбайт деп, досум,
Ышкылуу балдар калбайт деп, досум,
Убаданы бир кылдык, досум,
Өрдөктөй болуп кулпундук, досум,
Бир жарым саат бир турдук, досум,
Мен кыздардын тунугу, досум,
Сиз жигиттин сылыгы, досум,
Алганың үйдө билбесин, досум,
Алоолоп ичи күйбөсүн, досум,
Көргөнүң үйдө билбесин, досум,
Көкүрөктөн күйбөсүн, досум,
Кыз алганың укпасын, досум,
Кызыгып ээрчип чыкпасын, досум,
Жаш алганың укпасын, досум,
Жанашып бирге чыкпасын, досум,
Жалындап ичи күйбөсүн, досум,
Жаңжал бир кылып жүрбөсүн, досум,
Отолу[16] кызмын бизге уят, досум,
Олуттуу жигит сизге уят, досум,
Чатак болсо эл туят, досум,
Бала чака тең туят, досум,
Экчелген жорго минелик, досум,
Эл туйбас болуп жүрөлү, досум,
Кара бир жорго минели, досум,
Калк туйбас болуп жүрөлү, досум,
Калкка бир галва[17] кылбайлы, досум,
Катык[18] бир шерттен жылбайлы, досум,
Элге бир галва кылбайлы, досум,
Өкөбүз шерттен жылбайлы, досум,
Калеми көйнөк жолжолу, досум,
Кашаттын башы болжолуң, досум,
Ал болжолго келбесең, досум,
Кайрылгысыз болгонуң, досум,
Бурама көйнөк жолжолуң, досум,
Булактын башы болжолуң, досум,
Ал болжолго келбесең, досум,
Бурулгусуз болгонуң, досум,
Суйсалган менмин олоң чач, досум,
Суду бир кыздар калам каш, досум,
Калам каш кызга келбеген, досум,
Кандай бир жандын боору таш, досум,
Он алтыда биздин жаш, досум,
Ойлосом барбайт жүрөккө аш, досум,
Он сегизде өзүң жаш, досум,
Токтоно элек өзүң мас, досум,
Тойго келбей сен калсаң, досум,
Толкуган көңүл суз болот, досум,
Толгоно берип бери бас, досум,
Көпчүлүк элден колуң тарт, досум,

Көрүнбөй көзгө боюң бас, досум,
Көңүлдү бөлбөй оюнпос[19], досум,
Алтын бир жаак жез комуз, досум,
Атыңды болжоп күү айтам, досум,
Ардактуу сизге дуба[20] айтам, досум,
Күмүш жаак жез комуз, досум,
Күнүгө эстеп күү айтам, досум,
Көрүнбөй жүрсөң дуба айтам, досум,
Гүлдөсөк ойноп деп жатам, досум,
Күйүттү тартып тим жатам, досум,
Кытайдан келген деңседей[21], досум,
Кыргызда сыпаа ким сендей, досум,
Кылымда күйгөн ким мендей, досум,
Орустан келген деңседей, досум,
Олуттуу жигит ким сендей, досум,
Ойротто күйгөн ким мендей, досум,
Кашкардан келген деңседей, досум,
Кадырлуу жигит ким сендей, досум,
Калам каш күйгөн ким мендей, досум,
Калың бир элден ийменбей, досум,
Куваттын уулу куунагым, досум,
Кудайым кошкон ынагым, досум,
Куштарлыктан камыгам, досум,
Алтын саптуу камчыңдын, досум,
Чегити кызыл тилладан[22], досум,
Өкөбүздү пайлаган[23], досум,
Элимде көптүр кыйла адам, досум,
Эки бир куштар[24] тек жүрбөйт, досум,
Акыры өтөт дүйнөдөн, досум,
Айылда көптүр кыйла адам, досум,
Ажал бир жетсе өлбөстөн, досум,
Эч ким бир өтпөйт дүйнөдөн, досум,
Дүйшөмбү күнү түнүндө, досум,
Жумабай тоюн берди деп, досум,
Жеңекем келди чакырып, досум,
Сенин бир көнүң калат деп, досум,
Чакырып келген жеңемди, досум,
Катуу бир кагып кайтардым, досум,
Жеңайым кетти суз болуп, досум,
Жүрөктүн башы муз болуп, досум,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп, досум,
Ачууланып гүвлөнүп[25], досум,
Сен кыз бийкеч мен жеңе, досум,
Жеңекем айтты көп жеме, досум,
Такалуу өтүк кийбей кел, досум,
Катуу бир басып жүрбөй кел, досум,
Жер билбесин басканың, досум,
Каалгалуу эшиктин, досум,
Ачкычы менин колумда, досум,
Эл билбесин ачканың, досум,
Шав шав терек, шав терек[26], досум,

Шав путагы[27] Кулмурза, досум,
Шавылдаган жыйындын, досум,
Шам чырагы Кулмурза, досум,
Шув шув терек, шув терек, досум,
Шувулдаган көп жыйын, досум,
Шувулдаган жыйындын, досум,
Шам чырагы Кулмырза, досум,
Шундай болот азалда[28], досум,
Кыз ынагы Кулмурза, досум,
Жылга менен жылып кел, досум,
Жыла басып кирип кел, досум,
Голот бир менен жүрүп кел, досум,
Гопшоло[29] басып кирип кел, досум,
Аттуу бир келбей жоо келгин, досум,
Өкөө бир келбей бирөө кел, досум,
Кулундуу бээ минбей кел, досум,
Кулунун самап кишенейт, досум,
Үйүрдөн айгыр минбей кел, досум,
Үйүрүн самап кишенейт, досум,
Гүлдөнүн башы чекенде[30], досум,
Куватбек атам кекенди, досум,
Ак зоонун башы чекенде, досум,
Акаларым кекенди, досум,
Жок сурап келген күнүңдө, досум,
Атамдын түшкөн назары, досум,
Аңдышат сени азали[31], досум,
Жаңыдан көрдүм жайында, досум,
Акаларим пайыңда[32], досум,
Ажал күчтүү ок экен, досум,
Армансыз киши жок экен, досум,
Кыз үчүн жигит күймөглүк[33], досум,
Кыйналышып жүрмөглүк[34], досум,
Илгертен калган сөз экен, досум,
Ираси[35] күйүп өрттөнгөн, досум,
Ашыглык дарттин[36] өзү экен, досум,
Имерип мени сен таптың досум,
Ышкыңда күйдүм Ак Саткын, досум,
Ышкынын жолун сен таптың, досум,
Кара манат этегим, досум,
Какшатты бир сөз кечээгиң, досум,
Кызыл манат төшөгүң, досум,
Кыйнады бир сөз кечээгиң, досум,
Пашайы төшөк астымда, досум,
Саймалуу жаздык башымда, досум,
Курак бир жаздык баш коюп, досум,
Уктамакка дас[38] коюп, досум,
Жатат элем жамбаштап, досум,
Сар[39] алтын тумар чачимда, досум,
Санаа тарттым жашимда, досум,
Катуу болдук башында, досум,
Элибиз кара кыр барып конгондо, досум,

Капталдан басып жол салдың, досум,
Капшытты тилип кол салдың, досум,
Туура кыр барып конгондо, досум,
Туурадан басып жол салдың, досум,
Туштан тилип кол салдың, досум,
Кой, кой бир десем болбодуң, досум,
Койнума кирип койбодуң, досум,
Жаш оюнга тойбодуң, досум,
Жалынганың койбодуң, досум,
Кыз алган жарың бар туруп, досум,
Кызыгышып ойнодуң, досум,
Кыйналганың койбодуң, досум,
Өз алган жарың бар туруп, досум,
Өзөлөнүп[40] ойнодуң, досум,
Өрттөнгөнүң койбодуң, досум,
Жараштырып баш койуп, досум,
Уктамакка дас коюп, досум,
Жатат элем жамбаштап, досум,
Кирип келдиң эшиктен, досум,
Кимсиң десем мен дедиң, досум,
Жылып бир өттүң жаныма, досум,
Таптап бир койдуң далима, досум,
Эшикте жүрөт бир тавыш, досум,
Эчки, мал бекен деп жаттым, досум,
Элебестен тек жаттым, досум,
Короого келди бир шаврыт[41], досум,
Козулар бекен деп жатым, досум,
Козголбостон тек жатым, досум,
Эчкилер десем киши экен, досум,
Элиме тайин иш экен, досум,
Козулар десем киши экен, досум,
Коңшума тайин иш экен, досум,
Короодо өкөө кеңешет, досум,
Кош камчысын теңешет, досум,
Жылгада өкөө кеңешет, досум,
Кош пычагын теңешет, досум,
Туруп бир жөнөп эрте кет, досум,
Авада булбул сайраган, досум,
Адам бир барбы пайлаган, досум,
Булбулдар сайрайт мукамда[42], досум,
Жөнөчү калбай пышманга[43], досум,
Түшпөчү колго душманга, досум,
Тараза жылдыз батыптыр, досум,
Таң сүрүлүп атыптыр, досум,
Сопу акам азан айтыптыр, досум,
Суйулду жылдыз тыркырап, досум,
Койлор марайт чуркурап, досум,
Койчуман кулдар туйбасын, досум,
Туйуп калып урбасын, досум,
Бөөдө бир кесир кылбасын, досум,
Жылгада жылкы кишинейт, досум,

Жылкычы кулдар туйбасын, досум,
Тепкилешип урбасын, досум,
Авада булбул сайраса, досум,
Тили бир катсын деп жаттың, досум,
Тилимди албай тек жаттың, досум,
Боз торгой чарлап сайраса, досум,
Ач кыргый жесин деп жаттың, досум,
Короодо койлор мараса, досум,
Ач бору кырсын деп жаттың, досум,
Жылкынын болсо дүвүртү, досум,
Тели[45] болсун деп жаттың, досум,
Чаңдоодо төө боздосо, досум,
Чымын бир тийсин деп жаттың, досум,
Чымырканып тек жаттым, досум,
Билегиң тартпай мойнумдан, досум,
Чыккың бир келбейт койнумдан, досум,
Жарык бир кирди тешиктен, досум,
Эки адам кирди эшиктен, досум,
Босого бойлоп ыргыдың, досум,
Мойнуңа чылбыр асаарда, досум,
Кош алакан, кош камчы, досум,
Кошулуп тийди соруңа, досум,
Оюлган толто ак канжар, досум,
Аябай кирди бооруңа, досум,
Бөрүнүн түштү колуна, досум,
Ичегиң жерде чубалды, досум,
Ыраңын[46] бүтүн кубарды, досум,
Жатып калдың буралып, досум,
Ажал бир күчтүү ок экен, досум,
Армансыз киши жок экен, досум,
Самандай өңүң саргайып, досум,
Жалдырадың жалбарып, досум,
Жалдырасаң болбоду, досум,
Жарим саат койбоду, досум,
Азаптуу канжар колдонуп, досум,
Азиз жан чыкты толгонуп, досум,
Адамдар келди үйүлүп, досум,
Айрылып калдым түңүлүп, досум,
Алтын бир жаның түгөндү, досум,
Көрө албай душман жүргөндүр, досум,
Акаларим сүйлөшүп, досум,
Аден[47] кылдым барыштан досум,
Карап турдум алыстан, досум,
Гөвөрдөй[48] көзүң жайнады, досум,
Гөң тагина[49] жайнады, досум,
Күйүп бир жаным калбады, досум,
Кой деген эч ким болбоду, досум,
Алганың мендей айтабы, досум,
Азабың мендей тартабы, досум,
Күйгөнүң мендей айтабы, досум,
Күйүттү мендей тартабы, досум,

Алтын бир терек сен элең, досум,
Ачылган гүлдөй мен элем, досум,
Күмүш бир терек сен элең, досум,
Гүлдөгөн чүрөк мен элем, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум,
Адамдын гүлү сен элең, досум,
Жигденин гүлү мен элем, досум,
Жигиттин гүлү сен элең, досум,
Өрүктө мөмө мен элем, досум,
Өткүр жигит сен элең, досум,
Анжирде мөмө мен элем, досум,
Арыстан жигит сен элең, досум,
Жалындуу жүрөк силкинер, досум,
Жалдырап калды селкилер, досум,
Жаралуу жигит Кулмурза, досум,
Ажырап калды селкилер, досум,
Антташкан жардан айрылып, досум,
Жалдырап калды селкилер, досум,
Алтын бир терек ыргалбай калды,
Ачылган гүлдөр жыргабай калды,
Күмүш бир терек ыргалбай калды,
Гүлдөгөн чүрөк жыргабай калды,
Алманын гүлү гүбүлсүн, досум,
Адамдар бизден түңүлсүн, досум,
Жигданин[50] гүлү гүбүлсүн, досум,
Жигиттер бизден түңүлсүн, досум,
Өрүк мөмө ийилсин, досум,
Өлгөнүңдү эл билсин, досум,
Анжир мөмө эзилсин, досум,
Арманыңды эл билсин, досум,
Кара жердин тагинда[51] досум,
Калганыңды эл билсин, досум,
Минген бир атың кок кашка, досум,
Көк кашкаңды кайтарсын, досум,
Элиңден издеп келгендер, досум,
Көңдүн тагин аңтарсын, досум,
Көң тагидан табылар, досум,
Ак Саткын ыйлап сагынар, досум,
Айбыңды айтып берейин, досум,
Кунуңду пычып берейин, досум,
Айыбың алтымыш, кунуң жүз, досум,
Аягың чоро, башың кыз, досум,
Кыз ордуна өзүбүз, досум,
Болбосун жалган сөзүбүз, досум,
Минген бир атың сарала, досум,
Пейиштин жолун арала, досум,
Пейиштин жолу саз болсо, досум,
Ат жүгөрүң баралы, досум,
Кулмурза өлсө куп болот, досум,
Ак Саткын өлсө жуп болот, досум,
Сенин кун алган атаң куунасын, досум,

Кун берген атам куурасын досум.

Кулмурза өлгөндөн кийин Ак Саткын өзүнө пычак уруп өлөт. Ошол өкөвү өлгөндөн кийин бул өкөнүн өлүгүн эки жерге көмөт, Кулмурзаны жолдун бир жагына, Ак Саткынды жолдун бир жагына көмөт. Ошол көмгөндөн кийин Кулмурза мурза терек болуп чыгат, Ак Саткын чынар терек болуп чыгат. Ошол эки теректин ортосунан Кулмурзанын аккан каны табылгы болуп теректин түбүнөн учуна чейин чыгат. Ошол табылгы азыркы увака чейин бар.

**ТҮШҮНДҮРМӨ**

1. Өкө - экөө
2. баар - эрте жаз
3. лала саз - баткак, ылай болгон мезгил
4. газдай - каздай
5. дак - ынтызар, кумар
6. эргенчик - кызмат кылганга ылайык жаш бала
7. изат - конокту урмат кылдым деген мааниде
8. кам - али жаш, чийки деген мааниде
9. айак - кесе, чыны
10. сар - сары
11. пычып - бычып
12. пишкек - кымыз бышкан аспап
13. пыштым - быштым
14. голот - колот
15. ышкысы - сезими, көңүлү
16. отолу - шөкүлөсү башынан түшө элек, барктуу кыз
17. галва - тополоң
18. катык - катуу
19. оюнпос - оюн карак, шок
20. дуба — салам
21. деңседей — сыпаа
22. тилладан - алтындан
23. пайлаган - аңдыган
24. эки куштар - эки ашык
25. гүвлөнүп - күүлөнүп
26. шав, шав Терек - шуулдаган теректин үнү жөнүндө айтылат
27. путагы - бутагы
28. азалда - абалдан, илгертен
29. гопшоло - копшоло
30. чекенде - кустарник, өсүмдүк
31. азали - эзели
32. пайыңда - артыңдан аңдып жүрөт
33. күймөглүк - күйүт тартат
34. жүрмөглүк - жүрүшөт
35. ираси - чын эле, ырасы
36. дарттин - дарттын, оорунун
37. пашайы - кездеменин аты, атлас
38. дас - ойлоп, даярданып деген мааниде
39. сар алтын - сары алтын
40. өзөлөнүп - өжөрлөнүп

41. шаврт - шабырт, дабыш
42. мукамда - муңдуу
43. пышманга - көпкө кармалбай, тез арада (убакыт бирдиги)
44. тели - жылкы тели болот (оору)
45. ыраңың - өңүң
46. адеп - тартынуу, уялуу
47. говордой - каухардай
48. көң тагина - көңдүн астына
49. жигданин - жийденин
50. тагинда - астында

## АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМУРЗА
**(*Ынак Ысман уулунун айтуусунда*)**

Экөөбүз экөө болгону, досум,
Экөөбүз атка конгону, досум,
Обол бир баар, жаз эле, досум,
Жалама айран аз эле, досум.
Жер чымырап көпкөндө, досум,
Тал бүчүрүн бөрткөндө, досум.
Жайлоого байлар көчкөндө, досум,
Өрүк бир гүлүн төккөндө, досум.
Алты атанга жүк артып, досум,
Аргамжысын бек тартып, досум.
Көлдөлөң салдык бастырып, досум.
Үстүнөн килем жаптырып, досум.
Атакем Алай көчкөндө, досум.
Атамдын жазгы жаздоосу, досум,
Жайык бир конуш - Жазы-Кечүү, досум.
Жазы-Кечүү барып отуруп, досум,
Барып бир жүгүн түшүрүп, досум,
Жайланып калдык, күтүнүп, досум.
Көк ала майдан шиберге, досум,
Көңүлдүү ойноп жүрөргө, досум.
Көк майсаң гүлү жайнаган, досум,
Күкүк бир улар сайраган, досум.
Салкын бир төрдүн өзүндө, досум,
Санаамдан кетпей, эсимде, досум.
Атакем ишин бүтүрүп, досум,
Энекем кымыз ичирип, досум.
Энемдин аты Айсулуу, досум,
Элимде ысмы айтылуу, досум.
Кереге жайып, уук уулап, досум,
Келберсип басып, гүлбурап, досум.
Саресеп салып, үй тигип, досум,
Савлети менен жүк жыйып, досум.
Казыгын жерге житирип, досум,

Калдайтып чатыр тиктирип, досум,
Аюу бир талпак салдырып, досум,
Кымызга суусун кандырып, досум.
Жамбаштап атам жатканда, досум,
Келе бир жаттың капталда, досум.
Жок сурап келдиң узактан, досум,
Кара-Кулжа, Сур-Таштан, досум.
Алтын сап камчы камчылап, досум,
Атыңдын тери тамчылап, досум.
Күмүш сап камчы камчылап, досум,
Күлүктүн тери тамчылап, досум.
Уругуң кыргыз-кыпчактан, досум,
Уруулуу журтсуң, тынч жаткан, досум.
Минген бир атың көк кашка, досум,
Милдетим сага бир башка, досум.
Канжыгаң кайыш ак тасма, досум,
Капаны салба бир башка, досум.
Үзөңгү бовуң - бек тасма, досум,
Үшкүртпө кийин бир башка, досум.
Байбиче жайлоо, эгиз жар, досум,
Бөкчөлөй атчан сен келдиң, досум.
Аныктап көздү жиберсем, досум,
Башыңда калпак-бөркүң бар, досум,
Бек уулундай көркүң бар, досум.
Отуз бир жубан, отуз кыз, досум,
Ойлошуп бычкан ак калпак, досум,
Оң чекеңе чак калпак, досум!..
Азиз бир бойлуу сен белең, досум,
Ак Саткын сулуу мен белем, досум.
Алыстан угуп жүрүпсүң, досум,
Атайлап көрүп сүйүпсүң, досум.
Кара бир манат бөркүң бар, жигит,
Калк уулундай көркүң бар, жигит.
Кызылдан манат бөркүң бар, жигит,
Кыз чырайлуу көркүң бар, жигит.
Жогортон келдиң жок сурап, досум,
Жолумдан тосуп, шок сурап, досум.
Төмөнтөн келдиң жок сурап, досум,
Төргө бир өтүп, шок сурап, досум.
Атам бир чыгып, түш деди, досум,
Түшүп бир кымыз ич деди, досум.
Жалаңдап жаным карасам, досум,
Жанымда бала жок экен, досум.
Элеңдеп жаным карасам, досум,
Элгенчи бала жок экен, досум.
Эшиктин алды дөбө эле, досум,
Дөбөдө жыйын көп эле, досум.
Атама келген мейман деп, досум,
Энеме кылган ызат деп, досум.
Жүгүрүп туруп ат алдым, досум,
Күттүрбөстөн бат алдым, досум.

Каңтарып атың байладым, досум,
Кан атам көөнүн жайладым, досум.
Эңкейип эшик мен ачтым, досум,
Эмчегим эзе кармадың, досум.
Ээлигер кези деп койдум, досум.
Сүйрөп бир килем саларда, досум.
Сүбөөмдү мыкчый кармадың, досум.
Сүйкөнөр кези деп койдум, досум.
Камчыңды алып илерде, досум,
Кабыргам камтый кармадың, досум.
Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,
Кунан бир байтал курч кымыз, досум,
Сүйрөмө саба бүт кымыз, досум,
Сүрө бир ичсең күч кымыз, досум.
Кытайдан келген кыр аяк, досум,
Кырмачы кырган сыр аяк, досум.
Бармагым баса кармадың, досум,
Баш бармактан кан чыкты, досум,
Кара бир көздөн жаш чыкты, досум,
Шоктугуң шондо билгемин, досум,
Назарыма илгемин, досум.
Кымызды ичип кызыдың, досум,
Кебиңе ичти жылыттың, досум.
Эки жагын каранып, досум,
Эрдиңди турдуң жаланып, досум.
Султан бир боюң сыланып, досум,
Үйүмдөн секин сен чыктың, досум,
Артыңдан карап мен чыктым, досум.
Жүгүрүп барып ат алдым, досум.
Колтуктап атка мингиздим, досум,
Эки колум боорумда, досум,
Куш келипсиз дегиздиң, досум.
Кундуздан бөркүң булгалап, досум,
Кокту ылдый түштүң жылгалап, досум.
Суусардан бөркүң булгалап, досум,
Суу ылдый кеттиң жылгалап, досум.
Ак чөлмөк ойноп, түнүндө келдиң,
Атам жок болсо, күнүндө келдиң.
Селкинчек оюн жакшы экен, досум,
Ак чөлмөк оюн жакшы экен, досум,
Алышып жүрсөң бакты экен, досум.
Жылдыздуу асман көрк экен, досум,
Жигиттин көркү бөрк экен, досум.
Сууга бир барып кеңештик, досум,
Султан бир бойду теңештик, досум.
Жылгага барып кеңештик, досум,
Жылдыздуу бойду теңештик, досум.
Саткындын алдын торобо дедим,
Сабылып мага жолобо, дедим.
Ашыглык отко күйбөгүн, дедим,
Ак Саткын кызды сүйбөгүн, дедим.

Ашыглык ишин билбейин дедим,
Азабың тартып жүрбөйүн дедим.
Алыска кеткен дайным бар дедим,
Аркадан болгон кайным бар дедим.
Мал жандуу атам мал алып койгон,
Куржуну толо зар алып койгон.
Калыңга башым байланып калган,
Кайын журт көөнү жайланып калган.
Жумабай кызын берет деп, досум,
Аркадан куда келет деп, досум,
Күтүнүп жүрөт элибиз, досум.
Сууп бир кетсин демиңиз, досум!..
Тозокко сен деп барамын дедиң,
Тобумдан сени аламын дедиң,
Азапка сен деп барамын дедиң,
Акыры сени аламын дедиң.
Ажал да болсо тосомун дедиң,
Акыры башты кошомун дедиң.
Кайыңга атты байладың, досум,
Калтырбай көөнүң жайладым, досум.
Арчага атты байладың, досум,
Антташып шертти жайладың, досум.
Алма как жедик үйлөшүп, досум,
Абыдан кандык сүйлөшүп, досум.
Коон как жедик үйлөшүп, досум,
Кумардан чыктык сүйлөшүп, досум.
Эргитип жүрөк дегдеттиң, досум,
Эртең деп коюп сен кеттиң, досум.
Атакемдин үйүндө, досум,
Энекемдин төрүндө, досум.
Алиге турат көңүлдө, досум,
Курак бир жаздык баш коюп, досум,
Кара киш ичик жамынып, досум,
Уктамакка камынып, досум,
Эшиктен кирип сен келдиң, досум.
Жаштыктын чери жазылып, досум,
Жатат бир элек жашынып, досум.
Жеңекем келип кеп баштап, досум,
Үйдө бир жаткан ким деди, досум.
Эшиктен келди бир шарпа, досум,
Эчки бир шайтан деп жаттым, досум,
Сага айтпастан тек жаттым, досум.
Капталдан келди бир шарпа, досум,
Кара мал шайтан деп жаттым, досум,
Сага айтпастан тек жаттым, досум.
Эшикти ачты бир адам, досум,
Үйгө бир кирди үч адам, досум,
Билеги жоон күч адам, досум.
Кош алакан, кош камчы, досум,
Кош коштоп тийди сооруңа, досум.
Кош канжар кирди бооруңа, досум.

Эшикке карап ыргыдың, досум,
Төбөңдөн түшүп шыргыдың, досум.
Иттер бир үрүп какшады, досум,
Жүрөгүм туйлап жатпадым, досум.
Таң кашкайып атканда, досум,
Эшикке чыгып карасам, досум,
Кылычың турат кының жок, досум,
Бир чымындай жаның жок, досум.
Ичегиң жатат чубалып, досум,
Ирeңиң кеткен кубарып, досум.
Жыгылып кете жаздадым, досум,
Жазмыштан көздү жаштадым, досум.
Атаңдын аты Аргынбай, досум,
Атагы чыккан малдуу бай, досум,
Көпчүгүм манат кундуздан, досум,
Уругум кыргыз мундуздан, досум.
Атымды койгон Ак Саткын, досум.
Кошулсак деген максатым, досум.
Теңизбай менен Тасмага, досум,
Ашыглык иши өнөктү, досум,
Алмашпайм сага бөлөктү, досум.
Белимде чачым кулпурат, досум,
Бейбагың муңдуу унчугат, досум.
Белимде чачым сылайын, досум,
Бейбактын алын сурайын, досум.
Капкара чачым кулпурат, досум,
Кайгылуу үнүм унчугат, досум.
Капкара чачым сылайын, досум,
Кайгыңды тартып чыдайын, досум.
Карагер баштап көч келет, досум,
Карчыгаң шаңшып ач келет, досум.
Карчыгаң менен ишиң жок, досум,
Кармап бир берген кишиң жок, досум.
Кызыл ат баштап көч келет, досум,
Кыргыйың шаңшып ач келет, досум.
Кыргыйың менен ишиң жок, досум,
Кармап бир берген кишиң жок, досум.
Атаны курбум - Кулмурза, досум,
Арманга салдың сен мынча, досум.
Элиңе жоомарт берешен, досум,
Элесиң менен кеңешем, досум.
Бурулуп дайым жол тоскон, досум,
Булактын жанын болжошкон, досум,
Утурлап алдым жол тоскон, досум,
Уйкум бир келбейт ойлонсом, досум.
Ычкыры папик кырк муун, досум,
Ышкымдан кетпейт мырза уул, досум!
Мурза уул эмес, молдо уул, досум.
Эки бир көзү жолдо уул, досум.
Карчыгаң боосун ким чалды, досум?
Кыз Ак Саткын шум чалды, досум,

Кыргыйың боосун ким чалды, досум?
Кылыктуу Саткын шум чалды, досум.
Карчыгаң боосун илип ал, досум,
Сени өлтүргөн эки акем, досум,
Калтырбай айтам, билип ал, досум.
Караңгы жайга барганда, досум,
Кара эшек кылып минип ал, досум.
Кыргыйың боосун илип ал, досум,
Сени өлтүргөн эки акем, досум,
Кыстарып айтам билип ал, досум,
Кыямат жайга барганда, досум,
Көк эшек кылып минип ал, досум!..
Элиме келген үч мейман, досум,
Жээрде атын асып каңтарсын, досум,
Жериге дайын иш болсо, досум,
Күлдөбөнү аңтарсын, досум!..
Ашыглык иштен келди эле, досум,
Азабын тартып өлдү эле, досум.
Жашчылык иштен келди эле, досум,
Жазасыз иштен өлдү эле, досум!
Досумдан калып бөлүнө албайм,
Тозогун тартып көрүнө албайм.
Мал жандуу атам калыңын берсин,
Дүйнөкөр акем зарыны берсин!
Кунуңду сенин бычайын, досум,
Кундуз бөрк кийген жүз айым, досум.
Жүз айым кызга мендирмин, досум.
Жүзүңдөн сага теңдирмин, досум.
Аманат жанды берейин, досум,
Артыңдан калбай жөнөйүн, досум.
Кошогуң кантип кошпоюн, досум,
Кошулбай өмүр сөзбоюн, досум.
- Канжарын алып жүрөккө малды,
Калтаарыбай арнады жанды!
Ак Саткын сулуу ушинтип өлдү,
Ашыглык ишин тургандар көрдү.

## КУЛМЫРЗА МЕНЕН АКСАТКЫН
## (*Чал Садыковдун айтуусунда*)

Аксаткын Иманалы кызы Кубаттын уулу Кулмырзага ашык болот. Аксаткын кыпчак уруусунан, Кулмырзанын атасы Бек найман, энеси кыпчак экен.

Ошентип Аксаткын кызга Кулмырза жээн экен. Бул мындан 100-200 жыл чамасында мурун болгон иш.

*Аксаткын:*

- Ата бир задиң[1] Бек Найман, досум,
Чакмагың болот, кош бычак, досум,
Эне бир задиң сарт кыпчак, досум.
Сыпа бир мата кызыл кур, досум,
Сыпайы өскөн Мырза уул, досум.
Кытайы жоолук кызыл кур, досум,
Кылапат жигит Мырза уул, досум.
Өйүз-өйүз өрт албай, досум,
Өрт алган жерге мал салбай, досум.
Чынжырлуу темир коргондо, досум,
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Ал бир баар жаз эле, досум,
Жалама айран аз эле, досум.
Куурай бир терип чыгайын, досум,
Ырдачы аван[2] угайын, досум.
Алтындан алкак, жез сырга, досум,
Алыстан көрсөң кол булга, досум,
Кол булгасаң биз мында, досум.
Кызыл гүл лала[3] толо элек, досум,
Кызыксаң ашык бололу, досум.
Мингениң буудан көк кашка, досум,
Канжыгаң кайыш ак тасма, досум.
Саймалуу калпак, сары шым, досум,
Саякта барбы таанышың, досум.
Кештелүү калпак, сары шым, досум,
Кесекте[4] барбы таанышың, досум.
Булгаары токум, буурул ат, досум,
Бултара чапсаң тер болот, досум.
Бурулуш жайда биздин үй, досум,
Буруп бир өтсөң не болот, досум.
Коён боз кулак боз аттай, досум,
Коктулай чапсаң не болот, досум.
Комуздан ичке биздин бел, досум,
Колтуктап жатсаң не болот, досум,
Адырдагы коёнду, досум,
Атып бир өтсөң не болот, досум.
Алмадан жыттуу койнум бар, досум,
Жатып бир өтсөк не болот, досум.
Жатпай бир өтсөң кэ болот, досум.
Медиян чөлдө не турат, досум.
Безбелдек байлап, суксур ат, досум,
Беш көкүл чачым кулпурат, досум.
Кулпурган чачты сылап от, досум,
Бейпаян жигит Мырза уул, досум,
Бир келип алым сурап өт, досум.
Карай бир колдо не турат, досум,

---

[1] *Зади* – түпкү теги.
[2] *Аван* - обон
[3] *Лала* – жоогазын
[4] *Кесек* - уруунун аты.

Кашкалдак байлап, суксур ат, досум,
Кара бир чачым кулпурат, досум.
Кара бир чачты сылап өт, досум,
Кайрыкер досум, Мырза уул, досум,
Кайрылып алым сурап өт, досум.
Кубаттын уулу Кулмырза, досум,
Чөнтөгүң толгон пул Мырза, досум.
Ычкырың папик[1] кырк муун, досум,
Ышкыман кетпейт Мырза уул, досум.
Кубаттын уулу Кулдаяр, досум,
Кудайдын досу шумдай ай, досум.
Кесек - уруунун аты.
Папик - чачы, чачык маанисинде.
Боз аттуу киши көрүнсө, досум,
Болжошкон жарым деп турам, досум.
Боз аттуу киши болбосо ай, досум,
Тулку бир боюм жерге урам, досум.
Кара аттуу киши көрүнсө ай, досум,
Кайым айткан жарым деп турам, досум.
Кара аттуу киши болбосо, досум,
Как төбөмдү жерге урам, досум.
Чакмагың болот куурасам, досум,
Уйкум бир келбейт оонасам, досум.
Аташым жигит салтанат, досум,
Кийген бир тонуң ак манат, досум,
Ак уруп жатый дак[2] калат, досум.
Сарайдан чыккан сарт уул, досум,
Сагынсам келбейт Мырза уул, досум.
Арс ичик кийсең дилегей, досум,
Азанда чыктың желбегей, досум,
Азанда чыксаң кел бери, досум.
Түлкү ичик кийдиң дилегей, досум,
Түндөсү чыктың желбегей, досум,
Желбегей чыксаң кел бери ай, досум.
Укурук сүйрөп жылкы айдап, досум,
Урматы кайсы оюндун, досум.
Кымыз бир ичпей кыз кучпай[3], досум,
Кызыгы кайсы оюндун, досум.
Ак-Жунус ылдый чаңдаттың, досум,
Ашкере сулуу мен турсам, досум,
Алейне сулуу тандаттың, досум.
Көк-Жунус ылдый чаңдаттың, досум,
Көрүнө сулуу мен турсам, досум,
Көркөм бир сулуу тандаттың, досум.
Мырза уул эмес молдо уул, досум,
Эки бир көзүм жолдо уул, досум,
Аташым жигит салтанат, досум,

---

[1] *Папик* – чачы, чачык маанисинде.
[2] *Дак калат* – айласыз арманда калат.
[3] *Кучпай* – кучактабай.

Ак уруп жарың дак калат, досум,
Саймалуудан сарт өттү ай, досум,
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Ал бир баар жаз эле, досум,
Жалама айран аз эле, досум,
Эл эңкейип көчкөндө, досум,
Энекем үйүн чечкенде, досум,
Дак калат - айласыз арманда калат.
Кучпай - кучактабай.
Биз суу бойлоп барып конгонбуз, досум,
Мен себил калган сеп жайып, досум,
Үлкү түшкөн үй жыйып, досум,
Мен кереге жайып, уук улап
Турат элем гүл бурап, досум,
Мен ашкана түрүп, чий калап, досум
Адамдын ичин куйкалап, досум,
Айылдан чыктың гүл бурап, досум,
Сен жогортор келдиң жорго боз, досум,
Дорго боз минип жок сурап, досум,
Жоготкон жогуң айтканда, досум,
Энекем айтты ат ал деп, досум,
Эки бир жагым карасам, досум,
Илгенчи[1] бала жок экен, досум.
Атыңды алып байларда, досум,
Жылооңдон кармарда, досум,
Сүйөнүп түштүң мен жакка, досум.
Мен шойкомуң шондо билгемин, досум,
Мыйыгымдан күлгөмүн, досум,
Мен назарыма илгемин, досум.
Мен кайрылып эшик ачарда, досум,
Кабыргамдан кармадың, досум.
Энекем как баш билет деп,
Кайкалап барып токтодум, досум.
Сүйрөп бир кийиз саларда, досум,
Сүбөөмдөн кармадың, досум.
Мен сүйрөлүп барып токтодум, досум.
Байтал бээнин бал кымыз, досум,
Кулан бээнин курч кымыз, досум.
Кытайдан келген кыр аяк, досум
Кырмачы кырган сыр аяк, досум.
Илеби жука сары аяк, досум,
Энекем куйду мен сундум, досум,
Бармагым баса кармадың, досум,
Кара бир көздөн жаш чыкты ай, досум.
Сен аттанып кеттиң бел жакка, досум
Мен чакырып алдым бер жакка, досум.
Күндүзү келбей түндө кел, досум,
Аттуу келбей жөө кел (бир), досум.
Экөө бир келбей бирөө кел, досум,

[1] *Илггенчи (эргенчи)* – жумшоочу бала.

Кокту бир менен келбегин, досум,
Койчуман кулдар жүрүүчү, досум,
Коктулай шоокум салбасын, досум.
Жылга бир менен келбегин, досум,
Жылкычы кулдар жүрүүчү, досум,
Жылгал ай шоокум салбасын, досум.
Оң капшыт менен кирбегин, досум,
Атакемдин үч түлөк болгон кушу бар, досум,
Этегиң тийип калбасын, досум,
Шыркырап дабыш бербесин, досум.
Уйкусу каткан атам бар, досум,
Сүрүп бир шоокум салбасын, досум.
Коломто менен келбегин, досум,
Өзүмдөн кичик сиңдим бар, досум.
Түн ортосу болгондо, досум,
Туураланып кетүүчү, досум,
Анын балтырын басып албагын, досум.
Бакырып шоокум салбасын, досум.
Эми сен кой аралай качпагын, досум,
Коңшунун уулу Коңурбай, досум,
Катуу бир чаап койбосун, досум.
Аташым жигит салтанат, досум,
Ак уруп жарың дак калат, досум.

Эми Аксаткын менен Мырза уулдун бирге жаткан түндөрү. Экөө бирге уктап жатканда, Аксаткын чочуп ойгонуп кетти.

*Аксаткын:*
Абада торгой сайрады, досум,
Таң атканга окшойду досум,
Козголчу менин койнумдан, досум.
Короодо койлор бышкырат, досум,
Козголчу менин койнумдан, досум.
Сопу атам азан чакырат, досум,
Таң атканга окшойду, досум,
Козголчу менин койнумдан, досум.

*Мырза уул:*
-Абада торгой сайраса, жаным,
Ач турумтай жолуксун, жаным,
Козголбойм сенин койнуңдан жаным.
Короодо койлор бышкырса, жаным,
Ач бөрүгө жолуксун, жаным,
Козголбойм сенин койнуңдан жаным.
Сопу атаң азан чакырса, жаным,
Кой оору дартка жолуксун, жаным,
Козголбойм сенин койнуңдан, жаным.

*Аксаткын:*
Кош камчы тиет сооруңа, досум,

Козголчу менин койнуман, досум.
Кош бычак кирет бооруңа, досум,
Козголчу менин койнуман, досум.

Ошо тапта сырттан бир киши кирип келип Кулмырзаны бычак менен бир уруп өлтүрөт. Өлтүргөндөн кийин Аксаткын арс ичигин колтуктап, түлкү ичигин чүмкөнүп алып, эшикке чыкты да Кулмырзанын тушунда туруп ыйлады.

- Эчки бир жеген эрмендей, досум,
Энди эле болдум шермендей, досум.
Кыр-кырда басып ыйлайын, досум,
Кылыгыңды сыйлайын, досум.
Ой-ойдо басып ыйлайын, досум,
Арбагыңды сыйлайын, досум.
Өзөлөнүп ыйларга, досум,
Өз алган жарың мен эмес, досум.
Кызырканып ыйларга, досум,
Кыз алган жарың мен эмес, досум.

Мырза уулдун өлүгүн эшикке чыгарып, жылаңач таштады. Аксаткын өлүгүн көрүп дагы үн салды:

- Үй айланып карасам,
Түлкү ичик жатат жеңи жок.
Там айланып карасам,
Мырза уул жатат жаны жок.
Алапар итиң кабаган,
Кубат байдын айлына,
Азанда барды чабаган.

Анан кийин кыз атасы калкты чогултту да Аксаткынга: - Балам, сен Кулмырзага мынча күйүп ыйладың балам, мен тобуман улан жыяйын, каалаганыңдын атын Кулмырза коюп берейин. Калкымдан улан жыяйын балам, каалаганыңды Кулмырза коюп берейин - дейт.

*Аксаткын:*
- Калкымдан улан жыйгандай, ата,
Кайыбас карала каймал мен эмес, ата.
Кайыта турган кара ала атан сен эмес, ата.
Тобумдан улан жыйгандай, ата,
Токтобос тору ала байтал мен эмес, ата.
Токтото турган тору ала айгыр сен эмес, ата.
Менин Кулмырзам өлсө куп болот, ата.
Таежеси Аксаткын өлсө, жуп болот, ата,-

деп Аксаткын өзүн бычак менен бир коюп өлтүрдү.

**МУРЗА УУЛ**
**(*Анаргүл Тажибаеванын айтуусунда*)**

Илгерки убакытта Мурза уул деген жигит Ак Саткын деген жеңесине ашык болуп, экөөнүн бир бирине кошкон ырлары:

*Ак Саткын:*
Атаны жигит, Мурза уул, досум,
Эки эле көзүм жолдо бол, досум,
Атаңдин зади* кан кыпчак, досум,
Энеңдин зади бек найман, досум,
Ыңшкыңда күйдүм бей арман, досум.
Карачап чакмак кош пычак, досум,
Атаңдын зади* кан кыпчак, досум,
Энеңдин зади бек найман, досум,
Ышкыңда күйдүм бей арман, досум.
Аттуу бир келбей жөө келгин, досум
Экөө бир келбей бирөө кел, досум,
Жаманды жолдош кылбай кел, досум.
Айгыр боз атың минбей кел, досум,
Азнап доош кылбасын, досум,
Атакем туйуп албасын, досум.
Кулундуу бээң минбей кел, досум,
Чыңырып доош кылбасын, досум,
Энекем туйуп албасын, досум.
Жаманды жолдош кылбай кел, досум,
Жаныңа пычак салбай кел, досум.
Булгаары токум буурул ат, досум,
Тулпарды чапсаң тер болот, досум,
Бурулуш жерде биздин үй досум,
Бурулуп кетсең не болот досум.
Кашкары токум кара ат, досум,
Кайтара чапсаң тер болот, досум.
Кайрылыш жерде биздин үй, досум,
Кайрылып кетсең не болот, досум,
Кайрылбай кетсең кой болот, досум.
Мурза уул келе жатканда досум,
Ашкана тартып чий калап, досум,
Турат бир элем, сен келдиң, досум,
Адамдын ичин куйкалап, досум.
Кереге жайып көз бурап, досум,
Келиңиз деп сыр сурап, досум,
Эшикке келип түшкөндө, досум,
Жүгүрүп атың байларга, досум,
Эргенчи бала жок экен, досум.
Жүгүрүп атың мен алдым, досум.
Эңкейип эшик ачарга, досум
Жеңекем үйдө жок экен, досум.
Эңкейип эшик мен ачтым, досум
Эмчегим эзе кармадың, досум,
Эңкейе түшүп шүк болдум, досум.

Сүдүрөп* килем саларга, досум,
Энекем үйдө жок экен, досум,
Сүдүрөп килем мен салдым, досум.
Сөөгүм камтый кармадың, досум,
Сүйөнө түшүп шүк болдум досум.
Кырмачы кырган сыраяк, досум,
Илеби жука кара аяк, досум,
Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,
Кулан бээнин курч кымыз, досум,
Энекем куйду мен сундум, досум.
Сунуп бир турган убакта, досум,
Бармагым баса кармадың, досум
Бармагымдан кара бир кочкул кан чыкты досум,
Кара бир көздөн жаш чыкты, досум.

*Мурза уул ушул куну жатат.*

*Ак Саткын:*
Таң атканга окшоду уул ай,
Сопу акем азан чакырат уул ай.

*Мурза уул:*
Сопу акең азан чакырса жеңе, ай,
Көк жөтөл дартка жолуксун жеңе, ай.

*Ак Саткын:*
Короодо койлор маарашат уул, ай,
Таң атканга окшоду уул, ай.
Турчу эми койнумдан уул, ай,
Тартчы билек мойнумдан уул, ай.

*Мурза уул:*
Короодо койлор маараса, жеңе,
Ач бөрүгө жолуксун, жеңе.
Турбаймын сенин койнуңдан, жеңе,
Тартпаймын билек мойнуңдан, жеңе.

*Ак Саткын:*
Кызыл бир чарчы, кызыл кур,
Кызыктуу жарым Мырза уул.
Сары бир чарчы, сары кур,
Сагынган жарым Мырза уул.
Тур-тур десем, уй турат уул ай,
Уйдан да жаман экенсиң уул ай.
*Мурза уул:*
Тур-тур бир десе, уй турса жеңе,
Уйдан да жаман эмесмин жеңе,
Уяңдыгым эмеспи жеңе.

*Ак Саткын:*
Коп, коп бир десе, кой кобот* уул ай,

Койдон да жаман экенсиң уул ай.

*Мурза уул:*
Коп, коп бир десе кой копсо, жеңе,
Койдон да жаман эмесмин, жеңе,
Көңүлдөгүм эмесби жеңе.

*Ак Саткын:*
Көк челек толгон көчө* бар уул ай,
Көчөдөн ич да кете бер уул ай.

*Мурза уул:*
Көк челек толгон көчө бар, жеңе,
Көчөңдү ичип нетейин, жеңе,
Көңүлүм тапкын кетейин, жеңе.

*Ак Саткын:*
Ак челек толгон айран бар, уул ай,
Айранды ич да, кете бер, уул ай.

*Мурза уул:*
Ак челек толгон айраның, жеңе,
Айраның ичип нетемин, жеңе,
Алымды сура кетемин, жеңе.

Кишилер келип, Мурза уулду Ак Саткындын койнунан тутуп өлтүрөт. Өлгөндөн кийин анын кунун пыча албай үч күн турат. Анда Ак Саткын анын кунун мен өзүм пычып берем дейт:

Айыбың алтымыш тилла,
Кунуң жүз досум,
Аягың шаар, башың биз досум.
Чын ашык жар өлөт дейт, досум,
Чымчыктар сайрап калат дейт, досум.
Чынар терек болот дейт, досум,
Чырмалып өсүп чыгат дейт, досум.
Кулмурза өлсө куп болот, досум,
Ак Саткын менен жуп болот, досум,

Сары атыңа жүк болот, досум! - деп Ак Саткын пычак менен өзүн өзү как жүрөккө сайып, өлүп алат.

**АЙРЫМ СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР:**

Зади - теги
Сүдүрөп - сүйрөп
Коп - тур
Көчө - көжө (суюк аш)

## АКСАТКЫН МЕНЕН КУЛМЫРЗА[1]
### *(Каратегиндик кыргыздарда айтылган вариант)*
### *(Тажикстан, Жергетал району)*

**I**

Экөвүз экөв болголу, досум,
Экөвүз атка конголу, досум,
Авал бир баар жаз эле,
Адыр-түз лала саз эле, досум,
Жазыбыз жаңы болгондо, досум,
Жалама айран чыкканда, досум,
Кулмырза - өзүң, Саткын - мен, досум,
Кумары болуп таптың сен, досум,
Бой жеткен кезим буралып, досум,
Боз жигит эдең сыланып, досум,
Айылга келсең ар качан, досум,
Айбыгып жүрөк уялат, досум.
Байланув атың чеччүвсүң, досум.
Батына албай кетчүвсүң, досум.
Ырдаган довшуң укчумун, досум,
Ыргалып үйдөн чыкчумун, досум.
Айылдын үстү ак мойнок, досум,
Ак мойнок ылдый түшчүсүң, досум,
Айран куйсам иччүсүң, досум,
Кыштовдун үстү кыраң бел, досум,
Кыраң бел ылдый түшчүсүң, досум.
Кымыз бир куйсам иччүсүң, досум.
Сыртымдан сүйүп сен жүрдүң, досум,
Сызылып күйүп мен жүрдүм, досум.
Алыстан сүйүп сен жүрдүң, досум,
Астыртан күйүп мен жүрдүм, досум,
Айылга келсең кетпейсиң, досум,
Ак Саткын кызды эстейсиң, досум,
Айласын таап жетпейсиң, досум,
Коровго келсең кетпейсиң, досум.
Көрүнөө мени эстейсиң, досум,
Көңүлүң тартат жетпейсиң, досум.
Азада[2] боюң тарайсың, досум,
Адырдан тиктеп карайсың, досум.
Кыргыйдай боюң тарайсың, досум,
Кыраңдан тиктеп карайсың, досум.
Алтындан түймө бүчүңдөн, досум,
Айталбай сырың ичиңден, досум,
Торгойлор сайрап шаңданып, досум,
Топ айыл көчтү камданып, досум.
Булбулдар сайрап шаңданып, досум,

---

[1] *Ж. Мукамбаев.* Эл ичи – өнөр кенчи. Ф., 1982.
[2] *Азада* – көркөм, сулуу. Бул сөз да тажик тилиндеги – “озода” таза, аруу,  кооз, сулуу, татынакай, жагымдуу, жылдыздуу деген сөзүнөн. Азада  деген сөз кыздардын аты катары да жолуга берет.

Бул айыл көчтү камданып, досум.
Атакем кеткен журт чалып, досум,
Агайым кеткен куш салып, досум.
Баштаган көчтү энекем, досум,
Ортосу көчтүн жеңекем, досум,
Кийини көчтүн мен эдем, досум,
Астыңкы төвөм бакырчаак, досум,
Арткы төвөм тартынчаак, досум.
Орто жери нар тайлак, досум,
Нар тайлак жүгү овуптур, досум,
Оңдошуп койсоң совуптур, досум,
Овгон жүккө карабай, досум,
Оолжуй бир карап өтөөрдө, досум,
Жыгылган жүккө карабай, досум,
Жылмая карап өтөөрдө, досум.
Арканым алып тартып бер, дедим,
Атанга жүгүм артып бер, дедим,
Ашыглык сырын айтып бер, дедим,
Ата-энем жокто кайтып кел, дедим.
Арканым алып тартыштың, досум,
Атанга жүгүм артыштың, досум,
Жүктөшүп жатып жүгүмдү, досум,
Жүзүмө көзүң тигилди, досум,
Төвлөрдү тартып мен кеттим, досум,
Дөбөнү ашып сен кеттиң, досум,
Улув-Чат конуш жерибиз, досум.
Үшкүрөт мендей теңиңиз, досум,
Таш-Булак конуш жерибиз, досум.
Дак[1] болуп мендейт теңиңиз, досум,
Ак өргөө тиктик белеске, досум,
Алагды болдук элеске, досум,
Керилип басат энекем, досум,
Кереге жаят жеңекем, досум.
Айылдын көркү энекем, досум,
Ашкана тутат жеңекем, досум,
Дүрбөлөң бүтүп эл конгон, досум.
Айылдын асты дөбө эде, досум,
Дөбөдө жыйын көп эде, досум.
Жогортон келдиң жок сурап, досум,
Жорго боз минип гүл бурап, досум,
Жолуккан элден геп сурап, досум.
Тувурдук тутуп, чий калап, досум.
Турат бир эдек жарданып, досум,
Коровдон келдиң кой сурап, досум,
Адамдын ичин куйкалап, досум,
Астыңда атың булкунат, досум.
Атакем чыкты жай сурап, досум,
Атакем айтты түшкүн деп, досум,
Түшүп бир кымыз ичкин деп, досум,

---

[1] *Дак* – муң, кайгы, капа, ыза. Бул сөз тажик тилинин – “дог” деген жогорку маанидеги сөзүнөн.

Элеңдеп атам карады, досум,
Эшикке келип түшкөндө, досум,
Атыңды алып байлаарга, досум,
Алдыңа кийиз шайлаарга[1], досум.
Элгенчик[2] бала жок экен, досум.
Атамдан ымдат[3] болду эде, досум,
Атыңды алып байладым, досум,
Алдыңа кийиз шайладым, досум.
Элгенчик бала мен болдум, досум,
Эбин бир тапкан сен болдуң, досум.
Айлыма келген мейман деп, досум,
Атамдын атын сыйлаар деп, досум,
Кыз дагы болсом кызмат деп, досум,
Колумдан келген ызат деп, досум,
Астыңдан атың мен алдым, досум,
Астыртан тиктеп сен калдың, досум.
Каңтарып атың байлаарда, досум,
Кабыргам катув кармадың, досум,
Кайкалай түшүп тек болдум, досум,
Кантээр экен деп койдум, досум,
Эңилип эшик ачаарда, досум,
Эмчегим эзе кармадың, досум,
Элиме келген мейман деп, досум,
Эңиле түшүп тек болдум, досум,
Эсирген экен деп койдум, досум,
Сүйрөп бир килем салаарда, досум,
Сүбөөмдү сүрө кармадың, досум,
Сүйлөбөдүм шүк болдум, досум,
Сүйгөнүм үчүн тек койдум, досум,
Сүйкөнөр кези деп койдум, досум.
Төргө чыгып отурдуң, досум,
Толгонтуп көңүл толтурдуң, досум,
Энекем өйдө турду эми, досум,
Жеңемди кымыз куй деди, досум,
Ак Саткын туруп сун деди, досум,
Оогандан[4] келген он аяк, досум,
Он аяктын ичинде, досум,
Илаби[5] жука сыр аяк, досум,
Кытайдан келген кырк аяк, досум
Кырк аяктын ичинде, досум,
Илаби жука сыр аяк, досум,
Кызылдан боёк жылма аяк, досум,
Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,
Кунан бир бээнин курч кымыз, досум,
Жеңейим куйду мен сундум, досум,

---

[1] *Шайла* – камдоо, даярдоо (кийиз салып камдоо)
[2] *Элгенчик/элгенчик* – кызмат кылуучу жаш бала
[3] *Ымдат* – белги, ишаарат, ымдоо.
[4] *Оогандан* - Афганистан
[5] *Илеп* – эрин (бул жерде сөз өтө мааниге өтүп, аяктын кыры деген түшүнүктү берип жатат). Бул сөз тажик тилиндеги “лаб” деген сөздөн.

Жагалмай куштай умтулдуң, досум,
Бал кымыз сунуп жатканда, досум,
Бармагым баса кармадың, досум,
Бармактан бачым канн чыкты, досум.
Байкабай кылдың курчтукту, досум,
Басынгандан шүк болдум, досум,
Шоктугуң шондо билгемин, досум,
Шондо көзгө илгемин, досум,
Тескери карап күлгөмүн, досум.
Камчыңды алып сен турдуң, досум,
Калпагың алып мен турдум, досум,
Калпагың кагып кийгиздим, досум,
Каңтарган атың мингиздим, досум,
Саткынды шондо сүйгүздүң, досум,
Санаага салып күйгүздүң, досум.
Аркамда чачым тизилип, досум,
Астыңда турдум сүзүлүп, досум.
Карызың барбы Саткында, досум,
Карайсың мынча үзүлүп, досум,
Атыңдын башын бураарда, досум,
Ач бөрү сымал карадың, досум,
Куткарбас болду жаш жанды, досум,
Кызыгың кантип танамын, досум,
Кыялын кыздын камадың, досум.
Айылдан чыктың аттанып, досум,
Кылчаң-кылчаң карадың, досум,
Кыйла бир пикир санадың, досум.
Текийем[1] манат курадым, досум.
Жеңемден туруп сурадым, досум,
Жеңейим туруп шуну айтты, досум,
Мен шордувну муңайтты, досум:
- Жорго боз минген шол болот, кыз ай,
Журттан сулув тандаган болот, кыз ай.
Күлүктү минип жандаган болот, кыз ай,
Элден сулув тандаган болот, кыз ай,
Кубаттын увлу Кулмырза болот, кыз ай,
Чонтою[2] толгон пул мырза болот, кыз ай.
Арадан үч күн өтө элек, досум,
Арага койдуң үч киши, досум.
Үч киши эмес бир киши, досум,
Көнбөгөн менин кол башым, досум.
Көндүрө койду шу киши, досум,
Болбогон менин боз башым, досум,
Болдура койду шу киши, досум.
Куптанда келдиң жылгалап, досум,
Кундуздан бөркүң булгалап, досум.
Караңгы келдиң жылгалап, досум,
Кара бир бөркүң булгалап, досум.

---

[1] *Текийе* – такыя.
[2] *Чонтою* – чөнтөк.

Сув ылдый барып кеңештик, досум,
Султан бир бойду теңештик, досум,
Өзөндү бойлоп кеңештик, досум,
Өктөм бир бойду теңештик, досум,
Дүйшөмбү күнү түнүндө, досум,
Түн кире элек күвгүмдө, досум,
Жумабай тою болот деп, досум,
Жыйылган жаштар калбайт деп, досум.
Кексе бир чалдар барбайт деп, досум,
Көңүлүн эч ким салбайт деп, досум,
Ошол бир тойго кел дедиң, досум.
Оюна албайт эл дедиң, досум.
Убада-шертти бир кылдык, досум.
Убайсыз кечти гүл кылдык, досум.
Негедир көңүл тынган жок, досум,
Нечен ой баштан жылган жок, досум.
Кезегин күтүп кеп айттым, досум.
Кеңешим уккун деп айттым, досум.
Кыздардын менмин тунугу, досум.
Жигиттин сенсиң сылыгы, досум.
Чыр-чатак болсо эл туят, досум,
Чар-тарап баары тең туят, досум,
Ордолув кызмын маңа уят, досум,
Олтундув[1] жигит саңа уят, досум.
Топ-тобу менен мал алып, досум,
Топуга сузуп зар[2] алып, досум,
Корову менен мал алып, досум,
Куржунга шыкап зар алып, досум.
Кудалап койгон жерим бар, досум,
Куварган кув баш теңим бар, досум,
Атакем ач көз мал жандув, досум.
Агамдар болсо зар жандув, досум.
Адамды малга алмашты, досум.
Артымдан түшүп байлашты, досум,
Билишип калса кармашат, досум.
Бейсаат[3] ажал жармашат, досум.
Экчелген жорго минели, досум,
Эл туйбас болуп жүрөлү, досум.
Карагер жорго минели, досум,
Калк туйбас болуп жүрөлү, досум.
Элге бир бүлүк кылбайлы, досум,
Экөвүз шерттен жылбайлы, досум.
Калкка бир бүлүк кылбайлы, досум,
Катув бир шерттен жылбайлы, досум.
Бурама көйнөк[4] жолжолум, досум,
Булактын бою боолжолум, досум,

---

[1] *Олтундув* – ызаттуу, уялтуу, абийирдүү.
[2] *Зар* – алтын.
[3] *Бейсаат* – учурсуз, кокус, өз убактысында эмес.
[4] *Бурама көйнөк* - Бүйүрмө көйнөктүн бир түрү

Булакка ошол келбесең, досум,
Бурулгус болуп кеткениң, досум,
Бото көз кыздан кечкениң, досум.
Каламы көйнөк[1] жолжолум, досум,
Кашаттын бою болжолум, досум,
Кашатка ошол келбесең, досум,
Кара көз кыздан кечкениң, досум.
Суйсалып жондо олоң чач, досум,
Сулув бир кыздар калем каш, досум,
Калем каш кызга келбеген, досум,
Кандай жандын бовру таш, досум.
Он сегиз ашты сиздин жаш, досум,
Той күнү сени көрбөсөм, досум,
Толкуп бир агар көздөн жаш, досум.
Алтын бир жаак, жез комуз, досум,
Атыңды жоктоп күв айтам, досум,
Алыстап кетсең дуба[2] айтам, досум.
Күмүш бир жаак, жез комуз, досум,
Күнүгө эстеп күв айтам, досум,
Көрүнбөй кетсең дуба айтам, досум.
Кыргызда сыпаа ким сендей, досум,
Кылымда күйгөн ким мендей, досум.
Олтундув жигит ким сендей, досум,
Ойротто күйгөн ким мендей, досум.
Кубаттын увлу курагым, досум,
Кудайым кошкон ынагым, досум.
Камчыңдын сабы дилдеден, досум,
Кадырлап жүрөк сыйлаган, досум,
Касыбыз болуп пайланган[3] досум,
Калкымда бардыр кыйла адам, досум.
Ээриңдин кашы дилдеден, досум,
Эт жүрөк сүйүп сыйлаган, досум,
Эбин бир таппай пайлаган, досум,
Элимде бардыр кыйла адам, досум.
Дүйшөнбү күнү түнүндө, досум,
Түн кире элек күвгүмдө, досум,
Жумабай тою болот деп, досум.
Жеңайым келээр чакырып, досум,
Айтпасмын сырым ачылып, досум,
Чакырып келген жеңемди, досум,
Катув бир кагып кайтарам, досум,
Жүрөктүн мизин майтарам, досум,
Көбүрүп жеңем күвлөнөр, досум,
Көп жеме айтып сүйлөнөр, досум,
Жеңекем кетет суз болуп, досум,
Жүрөктүн башы муз болуп, досум,

---

[1] *Каламы көйнөк* – көйнөктүн бир түрү. Илгери тажик элинде кустардык жол менен пахдадан ийрилип "калами" деп аталган ала түстүү товар чыгарылчу жана соода жолу менен ар кайсы жерге сатылчу. Андан, көбүнчө аялдарга көйнөк тигиле турган.
[2] *Дува* – салам. Тажик тилиндеги – "дуо" – деген сөздөн.
[3] *Пайла* – аңды. Сөздүн уңгусу – пай. Тажик тилиндеги пай – "из, аңдуу" деген сөздөн.

Жеңекем кетет мен үйдө, досум.
Жетип келгин аркы үйгө, досум.
Гүлдөгөн калың чарбактын, досум,
Курагы сенсиң Кулмырза, досум.
Ачылган гүлдөй кыздардын, досум,
Ынагы сенсиң Кулмырза, досум.
Такалув өтүк кийбей кел, досум,
Тырсылдап басып жүрбөй кел, досум,
Билбесин жер да басканың, досум,
Эшикти эпчил ачкының, досум,
Жылга бир менен жылып кел, досум,
Жыла бир басып кирип кел, досум.
Келсең-келсең келип жүр, досум,
Жогорку жолго кирбей кел, досум,
Жогорку жолго сен кирсең, досум,
Аттан айгыр[1] минбей кел, досум,
Айгыр мал жаман келүвчү, досум,
Айылга жакын калганда, досум,
Азынап доош кылувчу, досум,
Айылым туюп албасын, досум.
Төмөнкү жолго кирбей кел, досум,
Төмөнкү жолго сен кирсең, досум,
Төвдөн бувра минбей кел, досум,
Бувра жаман келүвчү, досум,
Коровго жакын келгенде, досум,
Буркурап доош кылувчу, досум,
Атамдар туюп албасын, досум.
Ашкана жактан келбей жүр, досум,
Өзүмдөн кичик сиңдим бар, досум,
Чачвагын[2] шондо илүвчү, досум.
Шалдырап доош кылбасын, досум,
Энемдер туюп албасын, досум,
Аттув келбей жөө кел, досум,
Экөв келбей бүрөв кел, досум,
Кулундув байтал минбей кел, досум,
Коровго шокум салбай кел, досум,
Койду аралап качпай кел, досум,
Койчулар туюп албасын, досум,
Көңшуңа сырың айтпай кел, досум,
Өкөвүздүн бул ишибиз, досум,
Айылга дайын болбосун, досум,
Айыптар болуп калбасын, досум.
Колот бир ылдый жүрүп кел, досум,
Козголо басып кирип кел, досум,
Колотко атың коюп кел, досум.
Коёндон жапыз болуп кел, досум,

---

[1] *Аттан айгыр* – айгыр. Жерге-Тал, Памирде илгери ат чабуу, улак оодарыш ж. б. оюндар кеңири жайылып келгендиктен жылкы көбүнчө биттелбей минилген. Ошол үчүн ат деген сөз жылкы маанисинде колдонулган. Эгерде кээде биттелген жылкы болсо аны акта деп коюшкан. Бул сөз тажик тилиндеги – “ахта” бычылган деген сөздөн алынган.
[2] *Шачвак* – чачпак.

Жылгага атың коюп кел, досум,
Жыландан жапыз болуп кел, досум,
Жаныңа бычак салбай кел, досум.
Кулундув бээни минбей кел, досум,
Кулунун жоктоп кишенейт, досум.
Үйүрдөн айгыр минбей кел, досум,
Үйүрүн жоктоп кишенейт, досум,
Жок сурап келген күнүңдө, досум,
Атамдын түшкөн көз кыры, досум,
Аңдышат сени ар дайым, досум,
Ашык бир болдум жайында, досум,
Агамдар жүрөт пайыңда, досум,
Ашыктык күтүв ок экен, досум,
Армансыз киши жок экен, досум,
Кыз үчүн жигит күймөк бар, досум,
Кыйновду тартып жүрмөк бар, досум,
Илгертен калган салт ушул, досум,
Ышкыга салган дарт ушул, досум,
Ышкыга күйгөн Аксаткын, досум.
Ышкынын отун сен жактың, досум,
Пашайы төшөк астымда, досум.
Жаткан бир элем жамбаштап, досум,
Жаш башты жалаң ой каптап, досум,
Капталдай басып жол салдың, досум,
Капшытты тилип кол салдың, досум,
Тувралай басып жол салдың, досум,
Тушумду тилип кол салдың, досум,
Кой-кой бир десем койбодуң, досум.
Койнума карай сойлодуң, досум,
Жалынган менен болбодуң, досум,
Жаныма карай сойлодуң, досум,
Түлкү ичик кийип желбегей, досум,
Түндөсү келдиң элебей, досум,
Туюп калды телегей, досум,
Арс ичик кийдиң желбегей, досум,
Ашкере келдиң элебей, досум.
Аңдып калды телегей, досум,
Жатат эдек кеңешип, досум,
Султан бойду теңешип, досум,
Туруп кет десем турбадың, досум,
Турмак түгүл укпадың, досум,
Түн жарым сен уктадың, досум,
Укмуштуу түштөр толгондон, досум,
Уйкумдан чочуп ойгондум, досум,
Эшикке келди бир шыбырт, досум,
Эчки мал бекен деп жаттым, досум,
Эч күмөн кылбай тек жаттым, досум,
Коровго келди кош шыбырт, досум,
Козу мал бекен деп жаттым, досум.
Козголо койбой тек жаттым, досум.
Козулар десем киши экен, досум,

Коңшуга дайын иш экен, досум,
Эчкилер десем киши экен, досум,
Элиме дайын иш экен, досум,
Коюңду жайдың эрменге, досум,
Коровмо кылдың шерменде, досум,
Эчкиңди жайдың эрменге, досум,
Элиме кылдың шерменде, досум,
Коровдо экөв кеңешет, досум,
Кош камчы алып ченешет, досум,
Капшытта экөв кеңешет, досум,
Кан жыттув канжар ченешет, досум,
Кор болбой кетчи душманга, досум,
Калбачы мен деп бушманга, досум,
Тараза жылдыз батыптыр, досум,
Таң дагы эчак атыптыр, досум,
Чоң энем түндүк жол тартты, досум,
Овада жылан ышкырат, досум,
Колуңду тартчы мойнумдан, досум,
Абада торгой сайраган, досум,
Адамдар жүрөт пайлаган, досум,
Коровдо койлор бышкырат, досум,
Кожо акем азан чакырат, досум,
Койчуман балдар туйбасын, досум,
Туюп бир калып урбасын, досум,
Жылгада жылкы дүбүрөйт, досум,
Жылкычы балдар күбүрөйт, досум,
Туюп бир калып урбасын, досум.
«Чоң энең түндүк жол тартса, досум,
Көк жөтөлгө жолуксун, досум,
Овада жылан ышкырса, досум,
Орокчуга жолуксун, досум,
Таң атмактан күн чыксын, досум,
Тар төшөктү талашып жан чыксын, досум,
Абада торгой сайраса, досум,
Ач кыргый илип алсын дейм, досум,
Коровдо койлор бышкырса, досум,
Ач бөрү тилип жарсын дейм, досум,
Кожо акең азан чакырса, досум,
Көк жөтөл болуп сүзүлсүн, досум,
Жылгада жылкы дүрбөсө, досум,
Тели[1] деп сойсун, үзүлсүн, дедиң,
Тартпадың билек мойнумдан, досум,
Турбадың менин жанымдан, досум»
Эңкейип тиктеп тешиктен, досум,
Эки адам кирди эшиктен, досум.
Кач-кач деп капшыт көтөрдүм, досум,
Качалбай капшыт алдырдың, досум,
Карчытка бычак сайдырдың, досум,

---

[1] *Тели* – жылкынын оорусу. Кандайдыр бир уу чөп жегенде жылкынын бүт денеси чыйрыгып, титиреп, калтырап, курушуп, бүжүрөп өлөт. Ушул оору тели деп аталат.

Чык-чык деп чийди көтөрдүм, досум,
Чыгалбай чийди алдырдың, досум,
Чыкыйга бычак сайдырдың, досум,
Босого бойлоп ыргыдың, досум,
Мойнуңдан жерге шыргыдың, досум,
Кош камчы тийди совруңа, досум,
Кош бычак кирди бовруңа, досум,
Ичегиң жерде чубалды, досум,
Ирецин өчүп кубарды, досум.
Тур-тур деп тушту көтөрдүм, досум,
Турбай бир тушту алдырдың, досум,
Туш-туштан бычак сайдырдың, досум.
Эшикке карап ыргыдың, досум,
Гөндөбөгө шыргыдың[1], досум,
Ак үйүмдү жандадың, досум,
Ашканамды кандадың, досум,
Көк үйүмдү жандадың, досум,
Көшөгөмдү кандадың, досум,
Текеден кылган сары шым, досум,
Темгил ала кан кылдың, досум,
Телегей журтка даң[2] кылдың, досум,
Бугудан кылган сары шым, досум,
Будур ала кан кылдың, досум,
Мындагы журтка даң кылдың, досум,
Кокту бир ылдый сүдүрөттүң, досум,
Кош кабырган күдүрөттүң[3] досум.
Өрүктөн бекен ээриң, досум,
Өчөшкөн бекен жээниң, досум,
Кайыңдан бекен ээриң, досум,
Касташкан бекен жээниң, досум,
Куш салган жериң Жекенди, досум,
Кулмырза өлүп калды деп, досум,
Кубатбай атаң кекенди, досум.
Ичегиң калды иргеде[4], досум,
Илгертен көвнүм бирге эде, досум.
Калпагың калды иргеде, досум,
Кадимтен көвнүм бирге эде, досум,
Такыяң калды төрүмдө, досум,
Дарачы[5] тапчы көрүндө, досум.
Кара кыр башын күн чалды, досум,
Карчыга бовун ким чалды, досум?
Кара бет бейбак шум чалды, досум,
Кызыл кыр башын күн чалды, досум
Кыргый бовун ким чалды, досум?
Кыз кара бет шум чалды, досум,
Жетимиш баштув ак өргөө, досум,

---

[1] *Шыргы* – кула, жыгыл.
[2] *Даң* – даңаза, ашкере, белгилүү.
[3] *Күдрө* – кыйра, сөгүлүү, талкалануу.
[4] *Ирге* – ирege.
[5] *Дарачы* – жай, тынчтык.

Жетпей кетти таламга[1], досум,
Бир келбедиң саламга, досум,
Алтымыш баштув ак өргөө, досум,
Азанда кеттиң талаңга, досум,
Бир келбедиң саламга, досум,
Кулмырза өлдү, хуп болду деп, досум,
Теңирим журтка даң болду, досум,
Алты адам келди жыйылып, досум,
Азиз жан калды кыйылып, досум,
Агамдар турду сүйлөшүп, досум,
Ар кимге акыл үйрөтүп, досум,
Күл дөбө казып жашырды, досум,
Күйүттү шунтип батырды, досум,
Күйүп бир жаным калбады, досум,
Койгун деп эч ким барбады, досум,
Адамдар мендей айтабы, досум?
Азабың мендей тартабы, досум?
Күйгөндөр мендей айтабы, досум?
Күйүтүң мендей тартабы, досум,
Жоктошуп келди элиңден, досум.
Жогорку айыл жериңден, досум,
Жоктошуп келип тапкан жок, досум,
Жоругу маңа жаккан жок, досум,
Сурашып келди элиңден, досум,
Сумсайып калган жериңден, досум,
Сур дөбө казып тапкан жок, досум,
Атакең алып топ атчан элди,
Асылын сурап бүгүн да келди.
Өлтүргөн кимдер, өлгөн ким, досум?
Өлүгүң дөңгө ким көмгөн, досум?
Айтайын азыр калкыңа, досум,
Ачык бир болсун жалпыңа, досум!
Өлгөнүң бүгүн эл билсин, досум,
Өйдөтөн соккон жел билсин, досум!
Ажалың бүгүн эл билсин, досум,
Алыстан соккон жел билсин, досум?
Минген бир атың көк кашка, досум,
Көркөмү малдын бир башка, досум,
Көк атты элге кайтарсын, досум,
Күлпөтүн[2]  издеп келгендер, досум.
Күл дөбө казып аңтарсын, досум.
Күл дөбө казса табылат, досум,
Күлүстөн жүзүң жаңырат, досум!
Кубатым канча ченейин, досум,
Кунуңду бычып берейин, досум!
Алтымыш айып, кунуң жүз, досум,
Аларга кошо сулув кыз, досум,
Кыз десе элиң өзүбүз, досум,

---

[1] *Талам* – ой, тилек, максат, талап.
[2] *Күлпөт* – өлүк, өлүктүн сөөгү.

Кун берген атам куврасын, досум!
Кун алган атаң жыргасын, досум,
Адырда аркар бар дешет, атей[1],
Атып бир келип сен салгын, атей!
Аркар бир гөшү[2] ширин дейт, атей!
Сен туврагын мен жейин, атей!
Мен туврайын сен жегин, атей!
Эне айымдан[3] мен сулув, атей,
Мен тийейин, сен алгын, атей,
Адырда аркар бар дешет, акей,
Атып бир келип сен салгын, акей,
Аркар бир гөшүн ширин дейт, акей,
Сен туврагын, мен жейин, акей,
Мен туврайын сен жегин, акей,
Жеңе айымдан мен сулув, акей,
Мен тийейин, сен алгын, акей!
Талаанын гүлү кубулсун, досум,
Тирүвлөр бизден түңүлсүн, досум.
Жигденин гүлү кубулсун, досум,
Жигиттер бизден түңүлсүн, досум.
Алманын гүлү кубулсун, досум,
Адамдар бизден түңүлсүн, досум.
Кулмырза өлүп куп болду, элим,
Ак Саткын менен жуп болду, элим.
Канжарды уруп Ак Саткын өлдү,
Курбулук күчүн тургандар көрдү.
Ак шамшар салып Ак Саткын өлдү,
Ашыктын күчүн адамдар көрдү.

[1] *Атей* – ата ээй.
[2] *Гөш* – эт. Тажик тилиндеги – “гушт” деген сөздөн.
[3] *Айым* – эне. Бул сөз Орто Азиядагы “афгони” деп аталган элдин тилиндеги ойим “эне” деген сөздөн. Сыягы, бул сөз илгери-илгери эле жергиликтүү тилге сиңип, бара-бара мүчөгө айланып кеткен өңдүү.

www.bizdin.kg

*Адабий-көркөм басылыш*
«Эл адабияты» сериясы

www.bizdin.kg

# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР:
# Аксаткын менен Кулмырза, Ак Мактым, Карагул ботом, Жалайыр жалгыз, Ак Бермет, Качкын кыз, Козу Көрпөш-Баян сулуу, Кыз Жибек, Бозжигит

31-том

Түзгөн: *Г. Орозова*

Редактору *Кадыров Ж.*
Сүрөт редактору *Бокоев Р.*
Техн. Редактору *Р. Усупова*
Корректору *Б. Халилова*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

---

Терүүгө 06.08.2010 берилди. Басууга 01.11.2012 кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 1/32
Көлөмү 23,75 физ. басма табак.
Нускасы 2000. Заказ № 2428. Келишимдик баа.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 «А»
Тел.:620-213, 661-725